| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТ | И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети |
| | БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН КАМСЫЗДОО СИСТЕМАСЫ |
| | ДП_____________________ |

**ЖАКТЫРЫЛДЫ**
И.Раззаков атындагы КМТУнун
Окумуштуулар кеңешинин жыйыны
Протокол № 7
"25" 03 2026- ж.

**БЕКИТЕМИН**
И.Раззаков атындагы
КМТУнун ректору
_______М.К.Чыныбаев

Буйрук № 1/58
"30" 03. 2026- ж.

# И.РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ КМТУнун PHD ДОКТОРАНТТАРЫНА БИЛИМ БЕРҮҮ ГРАНТЫН БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

БИШКЕК, 2026

## ӨЗГӨРТҮҮ БАРАГЫ

| УЧА версиянын № | Өзгөртүлгөн жана толуктоолор киргизилген бөлүмдүн п/абзац (баракты көрсөтүү менен) | КМТУнун Окумуштуулар кеңешинин протоколу№ |
|---|---|---|
| 1 | | Протокол №3, 30.11.2022-ж.. |
| 2 | “Жалпы Жоболор” бөлүмүндө мамлекеттик нормативдик актар жаңыртылды: Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндөгү”2023-жылдын 11 августундагы № 179 Мыйзамы; Кыргыз Республикасынын "Илим жөнүндөгү" 2023-жылдын 21-июнундагы Мыйзамы; Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 27-августунда № 517 токтому менен бекитилген “Жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүүнүн PhD/ тармак боюнча докторантурасын уюштуруу жана философия доктору (PhD)/тармак боюнча доктору окумуштуулук даражасын ыйгаруу тартиби жөнүндө” Жобого ылайык кайрадан каралып чыккан. | Протокол №7, 25.03.2026-ж. |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |

## 1. Жалпы жоболор

**1.1.**Бул Жобо Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” 2023-жылдын 11-августундагы № 179 Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын "Илим жөнүндө" 2023-жылдын 21-июнундагы Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 27-августунда № 517 токтому менен бекитилген “Жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүүнүн PhD/ тармак боюнча докторантурасын уюштуруу жана философия доктору (PhD)/тармак боюнча доктору окумуштуулук даражасын ыйгаруу тартиби жөнүндө” Жобосуна, 2020-жылдын 18-сентябрындагы КР Улуттук квалификациясы алкагына, И.Раззаков атындагы КМТУнун уставына жана ички нормативдик документтерине, ылайык,
И.Раззаков атындагы КМТУда философия докторун/тармак боюнча докторун даярдоо тармагына билим берүү грантын бөлүү механизмин жана конкурстук тандоо тартибин аныктайт. 1.2.

**1.2.**И.Раззаков атындагы КМТУнун билим берүү гранты (мындан ары - КМТУнун гранты) - И.Раззаков атындагы КМТУда ишке ашырылган философия докторлорун (PhD) /тармак боюнча докторлорун даярдоо боюнча университетте бекитилген багытта билим алган адамга (мындан ары - Грант ээси) бөлүнүүчү акча каражаты.

**1.3.** Бир багытка бөлүнгөн гранттардын көлөмү жана саны университеттин каржылык мүмкүнчүлүктөрүнө жараша болот, бирок бир багыт боюнча бир орундан ашпаган грант И.Раззаков атындагы КМТУнун Окумуштуулар кеңеши тарабынан аныкталат.

**1.4.** Докторанттардын саны эң көп болгон доктордук программаларга артыкчылык берилет.

**1.5.** Билим берүү грантынын чыгымдарын каржылоо төмөнкүдөй каралышы мүмкүн: - докторанттардын, жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдүн жарандарынын окуу акысынын айырмасы катары алынган каражаттардан;
- демөөрчүлүк түрүндө келген университеттин каражаттарынан;
- эл аралык гранттар аркылуу алынган каражаттардын эсебинен;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген башка ишмердиктен түшкөн каражаттардын эсебинен.

**1.6.** КМТУ Гранты конкурстук негизде университеттин кызматкерлерине берилет.

**1.7.** Грант чет өлкөлүк илимий-изилдөө такшалмасын өтүү үчүн берилбейт.

## 2. Талаптар жана тандап алуу тартиби

**2.1.**Төмөнкү талаптарга жооп берген талапкерлер КМТУнун грантын алууга укуктуу:
- кабыл алуу экзамендерин ийгиликтүү тапшырып, багыт боюнча КМТУнун PhD докторантурасына кабыл алынгандар;
- И.Раззаков атындагы КМТУда акыркы 3 жылдан 5 жылга чейин үзгүлтүксүз иш стажы барлар.

**2.2.** PhD программанын багытына КМТУнун грантын алуу үчүн төмөнкү документтер тапшырылат:
- ректордун атына жазылган арыз;
- сүрөтү менен толтурулган өздүк баракча;
- “магистр”же “адис” квалификациясын ыйгаруу жөнүндөгү дипломунун нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү;
- эмгек китепчесинин көчүрмөсү;
- белгиленген үлгүдөгү жарыяланган илимий эмгектердин жана ойлоп табуулардын, ошондой эле окуу-усулдук иштердин тизмеси (kstu.kg окумуштуу катчы);
- КМТУнун грантын алууга түрткү берүүчү (мотивациялык) кат;
- түзүмдүк бөлүмдүн жетекчисинин, илимий жетекчинин сунуштама-каттары ж.б.

**2.3.**Конкурстук тандоо үчүн арыз берүүнүн акыркы мөөнөтү аяктаганга чейин бир айдан кечиктирбестен КМТУнун расмий веб-сайтында программанын аталышын жана тапшыруу мөөнөтүн көрсөтүү менен КМТУнун грантынын алкагында PhD программасына кабыл алуу жөнүндө кулактандыруу жарыяланат.

**2.4.** КМТУнун грантын конкурстук бөлүштүрүү комиссия тарабынан берилген документтердин негизинде жүргүзүлөт.

**2.5.** Конкурстук тандоо процессин объективдүү жана ачык-айкын өткөрүү үчүн КМТУ төмөнкүлөрдөн турган комиссияны түзөт:
- ректор (комиссиянын төрагасы);
- ИИ, АЧИ жана ЭАБ боюнча проректорлор;
- конкурстук тандоо болуп жаткан багыттар боюнча түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилигинен бирден өкүл.

**2.6.**Комиссиянын милдеттерине төмөнкүлөр кирет:
-КМТУнун грантын алууга коюлган талаптарга жооп берген талапкерлердин ортосунда ачык конкурстук тандоо өткөрүү;
- кароого келип түшкөн арыздар жөнүндөгү комиссиянын бардык мүчөлөрү тарабынан кол коюлган, протоколду түзүү;
- КМТУнун грантын алуу үчүн сунушталган багыттар боюнча талапкерлердин рейтингдик тизмесин түзүү;
- КМТУнун сайты аркылуу конкурстук тандоонун жүрүшү жана анын жыйынтыктары жөнүндө маалымдоо.

## 3. Грант ээсинин укуктары жана милдеттери

**3.1.** Грант ээси И.Раззаков атындагы КМТУнун уставына ылайык бардык укуктарга жана милдеттерге ээ.

**3.2.** Окуусун жүйөлүү себептер менен (ден соолугунун абалы, үй-бүлөлүк абалы, республикадан убактылуу чыгып кетүү) токтоткон Грант ээси окуусуна калыбына келтирилгенде грант алуу укугун сактап калат.

**3.3.** Грант ээси теориялык билимди, кесиптик көндүмдөрдү PhD илимий- билим берүү программасында талап кылынган деңгээлде өздөштүрүүгө жана окуу планында жана программаларында каралган бардык тапшырмаларды белгиленген мөөнөттө аткарууга милдеттүү.

**3.4.** Грант ээсине бир багыттан экинчи багытка которулууга уруксат берилбейт.

**3.5.**Грант ээси PhD докторантурада даярдоого кеткен чыгымдарды КМТУ бөлгөн гранттын өлчөмүндө И.Раззаков атындагы КМТУга кайра төлөп берүүгө милдеттүү, эгерде:
- И.Раззаков атындагы КМТУда окуусун аяктагандан кийинки беш жылдын ичинде университетте иштөөдөн баш тартса;
- негизсиз себеп боюнча же докоранттын өз каалоосу боюнча окуудан чыгарылса;
- башка жожго өткөндүгүнө байланыштуу окуудан чыгарылса.

## 4. КМТУнун Грант ээсине карата укуктары жана милдеттери

**4.1.** КМТУ окуу акысын төлөө менен контракт боюнча билим алып жаткан PhD докоранттарга жана Грант ээлерине бирдей билим берүү шарттарын түзүүгө милдеттүү.

**4.2.** КМТУ төмөнкү учурларда Грант ээсин PhD докторантурадан чыгаруу укугун өзүнө калтырат:
- теориялык материалды, профессионалдык көндүмдөрдү жана жөндөмдөрдү PhD илимий-билим берүү программасында талап кылынган деңгээлде өздөштүрбөгөндүгү үчүн;
- окуу планында жана программасында каралган мөөнөттөрдө окуу тапшырмаларынын бардык түрлөрүн аткарбагандыгы үчүн;
- Университеттин уставын жана ички тартибин сактабагандыгы үчүн.

**4.3.** АжД бөлүмү каржылык отчеттуулукту түзүү үчүн КМТУнун бухгалтериясына Грант ээлеринин саны жөнүндө маалыматты квартал сайын берип турууга милдеттүү.

МАКУЛДАШЫЛДЫ:

ПКБ башчысы Г.К. Омуркулова

УИБ башчысы А.Ж.Исраилов